Тажибаева Уркия Кочкоровнанын кандидаттык диссертациясын алдын ала коргоо боюнча Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин доктору (кандидаты) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу боюнча уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңешинин жана Ишеналы Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын кызматкерлери менен биргеликте өткөрүлгөн кезектеги отурумунун

**№ 8 П Р О Т О К О Л У**

Бишкек шаары 25.03.2021.

**Катышкандар:**

1. Батаканова С.Т.-п.и.д., профессор, 13.00.02
2. Муратов А.Ж.- п.и.д., профессор, 13.00.02
3. Омурбаева Д.К.- п.и.к., доцент, 13.00.02
4. Акматов К.К..- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
5. Ахметова Н.А.- п.и.д., профессор, 13.00.02
6. Бердибаева С.К. – пс.и.д., профессор 19.00.07
7. Добаев К.Д.- п.и.д., профессор, 13.00.02
8. Елебесова С.А.- п.и.к., доцент, 13.00.02
9. Манликова М.Х.- п.и.д., профессор, 13.00.02
10. Мукамбетова А.С.- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
11. Мураталиева Н.Х.-пс.и.к., доцент, 19.00.07
12. Мусаева В.И.- п.и.д., профессор м.а., 13.00.02
13. Рысбаев С.К.- п.и.д., профессор, 13.00.02
14. Сыдыкбаева М.М.- п.и.д., профессор, 13.00.02
15. Укуева Б.К. - п.и.д., профессор, 13.00.02
16. Шакеева Ч.А.- пс.и.д., профессор, 19.00.07

**Отурумга катышкан окумуштуулар:**

1. Супатаева Э.А.-п.и.к., КББАнын ага илимий кызматкери, 13.00.02
2. Абдраева Н.А.-п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
3. Сегизбаева Н.К.-п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
4. Касымалиева Т.О.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
5. Нуркулова М.Р.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02
6. Райымбекова М.- п.и.к., И.Арабаев атындагы КМУнун доц.м.а., 13.00.02

Отурумдун төрайымы, п.и.д., профессор: С. Т. Батаканова,
Отурумдун катчысы, п.и.к., доцент: Д. К. Омурбаева

**Күн тартибиндеги каралуучу маселе:**

1. **Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын талкуулоо.

Төрайым п.и.д., профессор С.Т.Батаканова отурумду ачып, күн тартибиндеги каралуучу маселе менен тааныштырды. Диссертациялык тема жана илимий жетекчи п.и.д., профессор Н.И.Ишекеев дайындалып, 2011-жылдын 28-декабрында БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун Окумуштуулар кеңешинин № 3 чечими менен бекитилген .

Ишти кароо үчүн төмөнкү эксперттер дайындалган:

1. Педагогика илимдеринин доктору, проф. С.К. Рысбаев
2. Педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а.Акматов К.К.
3. Педагогика илимдеринин доктору, проф.м.а. Мукамбетова А.С.

Изилдөө БатМУнун Кызыл-Кыя гуманитардык-педагогикалык институтунун кыргыз тили жана адабиятын окутуунун методикасы кафедрасындааткарылган.

Отурумдун төрайымы, п.и.д., профессор С.Т.Батаканова илимий иштин мазмунун баяндап берүү үчүн изденүүчүгө сөз берди.

Диссертациялык иштин кыскача мазмуну жана практикалык жыйынтыктары тууралуу изденүүчү **Тажибаева Уркия Кочкоровна төмөнкүлөргө**: изилдөөнүн актуалдуулугу, изилдөөнүн объектиси, изилдөөнүн предмети, изилдөөнүн максаты жана изилдөөнүн милдети менен кошо аларды ачып берүүгө токтолду.

**Изилдөөнүн актуалдуулугу.**XXI кылымдын башталышында, ага чейин эле мектеп окуучуларынын билим алууга, анын ичинде адабий эстетикалык маданиятын өркүндөтүүгө, көркөм адабий туундуларды окууга, өз ара талкуулоого болгон кызыгуулары солгундап, прозалык, поэтикалык чыгармалар мурдагыдай талаш-тартышка түшүп кабылданбай калды. Улуу «Манас» эпосу сыяктуу теңдешсиз поэтикалык эстеликти жараткан элдин азыркы жаштарынын басымдуу бөлүгү ыр түрүндөгү чыгармаларга мамилесинин кайдыгерлигинин бир булагы – ааламдашуу процессинин активдештирилишинен улам маалымдоо технологияларынын: санериптештирүү процессинин ж.б. окуучуларга таасиринин күчтүүлүгү болсо; экинчи булагы – жалпы билим берүүчү мектептерде адабиятты, анын ичинде поэзияны окутуунун натыйжалуулугуна жетише албай жаткандыгыбыз менен байланышат. Бул эки булак азыркы мектепке өзгөчө мамиле кылууну шарттап, адабиятты окутуунун мазмунун, формасын жаңылоону, технологияларын өркүндөтүүнү, анын максат-милдетин окуучулардын билим алууга деген даярдыктарын жогорулатууга багыттоону

талап кылат. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын билим берүүчү мектептердин «Кыргыз адабияты» программасына ошол өткөн кылымдын аяк чененинен тартып гана киргизилип, аларды окутуу процессинде төмөнкүдөй карама-каршылыктарга жол берилип келет, алар:

- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун тажрыйбасынын жетишсиздиги жана топтолуп үлгүрбөгөнү;
- тажрыйбалардын иретке салынып жыйынтыкталбаганы;
- XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программаларынан, окуу китептеринен жана окуу-методикалык комплекстерден орун алышына анализ жасалбагандыгы;
- 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын мектепте окутуунун бирдиктүү методикалык системасы түзүлбөгөндүгү;
- адабият мугалимдери үчүн окуп-үйрөнүүгө деп сунушталган чыгармаларга түздөн-түз тийиштүү методикалык эмгектердин дээрлик жетишсиздиги;
- адабият мугалимдери кыргыз поэзиясын окутууда теориялык жана практикалык кыйынчылыкка дуушар болушу ж.б.

Аныкталган карама-каршылыктар диссертациялык иштин актуалдуулугун айкындап, изилдөөбүздүн темасын **«XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы»** деп алууга түрткү берди.

**Изилдөөнүн предмети –** жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын өздөштүрүүнүн илимий негиздери.

**Изилдөөнүн максаты:** Жалпы билим берүүчү мектептерде XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу, эксперименттик текшерүүдөн өткөрүп, практикага сунуш кылуу.

**Изилдөөнүн милдеттери.** 1. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын жалпы өзгөчөлүктөрүн, тенденцияларын, ал мезгилдеги профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрүн аныктоо.
2. Окуу процессинде поэтикалык чыгармалардын таанып-билүүчүлүк, таалим-тарбиялык мүмкүнчүлүгүн ачып берүү.
3. XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасын иштеп чыгуу.
4. Иштелип чыккан теориялык жана практикалык ой-корутундуларды педагогикалык тажрыйбадан өткөрүү, сунушталган методиканы эксперименталдык жол менен негиздөө.

**Алынган натыйжалардын илимий жаңылыгы.** XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын чыгармачылык өзгөчөлүктөрү аныкталгандыгында; 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын окуу программасына сунуш кылынган чыгармаларын адабий-тарыхый процесс, коомдук турмуштун жалпы динамикасы менен

байланышта талдоонун бүтүн бир методикалык системасы иштелип чыккандыгында; иштелип чыгылган методикалык сунуштар илимий-практикалык сынактан өткөрүлгөндүгүндө.

**Диссертациянын коргоого коюлуучу негизги жоболору.**

1.XX кылымдын 70–90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун натыйжалуу жолдорун уюштуруу менен окуучулардын адабий билимин байытууда адеп-ахлактык, таалим-тарбия маселелери;

2.70-90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын поэзиясындагы идеялык мазмуну, сюжети, элементтери аркылуу турмушка ашыруунун жолдорун колдонуу;

3. 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча иштелип чыккан сабактын иштелмелери, окуучулардын таанып-билүү мүмкүнчүлүгү жана инсандык көз карашынын калыптанышы;

4. Аталган мезгилдеги поэзияны окутуу боюнча алдыңкы мугалимдердин иш тажрыйбаларын, илимий иштелип чыккан иштелмелерди ар тараптуу үйрөнүү.

**Изденүүчүнүн жеке салымы:**XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын бөтөнчөлүгүн, көркөм-эстетикалык баалуулугун, окуучулардын жаш өзгөчөлүгүн эске алуу менен аларды окуп-үйрөтүүнүн абалы аныкталып, анын натыйжалуулугун арттыруу боюнча салттуу жана интерактивдүү методиканын системасы иштелип, практикага сунуш кылгандыгында.

Педагогикалык эксперимент иштери 3 этапта жүргүзүлдү.

**I этапта** (2013-2014 –ж). XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуу боюнча материалдар жыйналып, жалпы билим берүүчү мектептин 5,6,7,10,11-класстарында берилген чыгармаларды окутууда кездешкен кыйынчылыктар аныкталды.

**II этапта** (2015-2016-жж.) 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын өтүүдөгү сабактарга байкоо жүргүзүлүп, ар түрдүү илимий-методикалык пикирлер, алгылыктуу методдор, иш-тажрыйбалар иликтенди, натыйжалар талданды жана XX кылымдын 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы иштелип чыкты.

**III этапта** (2017-2018-жж.) эксперименттик изилдөөнүн жыйынтыктары жалпылаштырылды. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун баалуулугу жана максатка ылайыктуулугу аныкталып, илимий-методикалык сунуштарга кошумчалоо киргизилди.

Изилдөөнүн негизи милдеттерин чечүү үчүн диссертациянын түзүлүшү үч баптан, корутундулардан, жалпы корутундудан, илимий-практикалык сунуштардан, пайдаланган адабияттардын тизмесинен сүрөт, схема жана таблицадан турат. Көңүл бурганыңыздар үчүн рахмат.

Диссертант изилдөө ишин тааныштыргандан кийин төрайым С.Т.Батаканова изденүүчүнүн изилдөө ишине карата кимде суроо бар деп кайрылды.

**В.Мусаева:** Менде суроо бар. Уркия Кочкоровна айтсаңыз. XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдары мектептердин кайсы класстарында, кайсы акындардын чыгармалары канча саат көлөмүндө берилген жана кайсы окуу нормативдик документтерге таяндыңыз?

**Изденүүчү:** Суроoңузга ырахмат, Венера Инаятовна!

Биз илимий ишибизде 5-11-класстарга чейин мектеп программасына киргизилген акындардын чыгармаларын алганбыз. 5-класстан баштап, 11-класска чейин бул боюнча диссертацияда көрсөтүлгөн. Негизинен он бир акындын чыгармалары берилип, жалпы 24 саат кирген.

**В.Мусаева:** Методикалык система деген эмне? Экспериментке канча окуучу катышты?

**Изденүүчү:** Ырахмат, берген суроонузга.Методикалык система деген бул жерде биз 5-класстын программасында берилген С.Жусуевдин "Алакан" чыгармасынын мисалында көрсөткөнбүз. Сабактын максатын, тематикасында согуш учурун, өткөндү эскерүүсүн, идеялык мазмунунда патриоттук сезим, достук, адамгерчиликти ачып берүү, жана образдарды ачууда Самактын эр жүрөктүүлүгүн, шайырдыгын, сөзмөрдүгүн жана баласаактыгын ачып берүү аркылуу натыйжаларын чыгарып, калыптандыруучу баалоо менен жыйынтыктоону ушул бир сабакты окутуунун методикалык системасыдеп иштедик.

Кийинки суроонузга экспериментке жалпы төрт мектептин 5,6,7 жана 10,11- класстарынын окуучулары тартылып, жалпы саны 1600 окуучу болгон. Аларды экспериментик топко 747 окуучу, ал эми байкоочу топко 853 окуучуну бөлүп алдык.

**Н.Ахметова:** 1. 70-90-жылдарындагы акындардын публицистикалуугу эмнеде? Акындардын чыгармачылык өзгөчөлүгү кандай?2.70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окууда кайсы аудиторияга арналган?

**Изденүүчү:** Ырахмат суроoңузга.70-90-жылдарындагы кыргыз профессионал акындардын окуу программасында сунушталган чыгармаларындагы өзгөчөлүктөрүн ачып берүүгө аракет кылдык: алар Ж.Садыковдун "Эненин жүрөгү" чыгармасында - лиризм, С.Жусуевдин "Алакан" чыгармасында – уйкаштык, Б.Сарногоевдин "Бешигим – Мекен" чыгармасында - төкмөлүк өнөргө жакындыгы, М.Абылкасымованын "Эстелик сүйлөйт" чыгармасында – публицистикалуулук, Т.Кожомбердиевдин "Апа", «Эне жана коломто» чыгармаларында – поэтикалуулук, Ж.Мамытовдун "Бурул таңдын жомогу" чыгармасында – романтикалуулук, О.Султановдун «Кош, Ысык-Көл», «Бокс», «Алтай…Алтай», «Жоокер» чыгармаларында– философиялуулук, А.Өмүркановдун «Чолпонбай» чыгармасында – патриоттук, С.Эралиевдин Лирикалары: «Мен кыргызмын», «Аттын ыйы», «Эне», «Казак тууганга», «Каныкейдин көз жашы», «Айылым», «Бүбүсара». Поэмасы «Кесир инсан» чыгармаларында – ички толгонуулар, санаркоолор, ички кайрыктар (поэтикалуулук), Э.Ибраевдин «Улут болсом, тилим менен улутмун» чыгармасында – патриоттук пафостун күчтүүлүгү жана Ш.Дүйшеевдин

«Кайдыгерлик» чыгармасында – маселеге масштабдуу кароо маселери басымдуу болгонун аныктоо менен аларды окутууда маани берүү чагылдырылды.

Ал эми экинчи суроого, бул жалпы билим берүүчү мектептерге арналган.

**М.Манликова:** 1.70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын материалдарын окутууда кайсы окуу куралдарына кайрылдыңыз, авторлору кимдер? Анализ жасадыңызбы?2. 70-90-жылдардагы кыргыз поэзиясынын материалдары окуу китебинде толук берилгенби? 3.Берилген чыгармаларды окутуу боюнча кандай максаттарыңызбар?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат. Биринчи суроо боюнча : кыргыз адабияты китебинин 5-класскаүчүн жазганавторлору Артыкбаев К., Исаков Б., СманбаевА., Ишекеев Н., Алымкулов Б, Муратов А. ж.б. жазышкан. Бул окуу куралдар боюнча анализ жасалган жок болчу.

Ал эми экинчи суроого, мектептеги окуу китебинде 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясынын чыгармаларынан 11-класста берилген С.Жусуевдин "Курманжан датка" чыгармасы, Ш.Дүйшеевдин "Кайдигерлик", Э.Ибраевдин "Улут болсом, тилимменен улутмун" деген чыгармалары программага кирген менен окуу китебине киргизилип колдонууга киргизиле элек. Кээ бир акындардын мисалы М.Абылкасымованын "Эстелик сүйлөйт" чыгармасы, Т.Кожомбердиевдин "Апа" чыгармалары окуу китебинде үзүндү берилген.

Үчүнчү суроо боюнча, албетте келечекте окуу колдонмо жазуу боюнча пландар бар.

**А. Мукамбетова:** 1.Окуу стандартындагы кайсы компетенцияларды колдондуңуз? 2. Изилдөө ишиңизде балдардын жаш курагына жараша кандай методдор менен сабактын үлгүлөрүн иштеп чыктыңыз?

**Изденүүчү:**1.Предметтик компетенттүүлүк окуу жана практикалык ишмердүүлүктө ар дайым иш жүзүнө ашырылып турганда гана ийгиликтүү калыптандырылат. 2. Албетте, окутууда окуучулардын жаш курагы эске алынган. 5-класстын окуучуларына поэзияны алгач эле көркөм окуу менен чыгармадагы уйкашкан сөздөрдү тааптыруу жакшы натыйжа берсе, 11-класстын окуучуларына автордук кресле методу, Вендин диаграммасын колдонуу менен эки акындын окшош чыгармаларын салыштыруу жана чыгарманын идеясын талдоо аркылуу жакшы өздөштүрөт.

**М.Сыдыгалиева:** Уркия Кочкоровна менин эки суроом бар, 1-уйкаштык менен спортсмен студенттерди патриоттуулугун калыптандыруунун кандай байланышы бар? 2. Поэзияны окутууда кайсы метод эффективдүү?

**Изденүүчү:** Суроонузга ырахмат. 1. Биздин, жалпы эле ЖОЖдо Э.Ибраевдин "Улут болсом тилим менен улутмун" чыгармасы берилген. Ошол чыгарманынын негизинде студенттердин тилге болгон патриоттуулугун жогорулатуу менен тексттеги уйкаш сөздөрдү табуу иштери берилген. 2-суроо боюнча интерактивдүү метод эффективдүү болот.

**К.Акматов:** Уркия Кочкоровна, кыргыз поэзиясын изилдеген

окумуштуулардын аты, жөнүн атап кетсеңиз?Кыргыз адабияты программасын анализ кылууда сиздин жеке оюңузду айтсаңыз, кайсы чыгармаларды кыскартуу керек?

**Изденүүчү:**Ырахмат берген суроонузга Кыялбек Камытович, албетте, орус окумуштууларынан Н.И.Кудряшев, З.Я. Рез, М.М.Варшавскаялардын эмгектерине таяндык. Ал эми кыргыз окумуштууларынан С.Момуналиев, Саттарова жана Ж.Дүйшеевдин эмгектерине таянуу менен иш алып бардык. Экинчи суроо боюнча кыргыз адабияты программасына сунушталган чыгармалар ансыз да жылдан-жылга кыскаруулар болуп келүүдө, менин жеке пикиримде сааттарды көбөйтүүнү сунуштамакмын.

**Диссертант У.К.Тажибаеванын жоопторунан кийин, диссертациялык кеңештин мүчөлөрү дисскуссия кылышып, өз ойлорун ортого салышып колдоого болорлугун айтышты.**

**С.Батаканова:** Ырахмат. Кимде суроо бар? Жок болсо талкууга өтөлү. Ким сүйлөйт.

**Н.Ахметова:** Мен ойлойм, жазылган диссертация актуалдуу. Диссертант берилген суроолорго абдан жакшы жооп берип жатты, көрүнүп турат поэзияны жакшы түшүнөрү. Бирок экспериментти жүргүзгөн таблицанын аталышы туура эмес. Албетте, методист Б.Алымовдун пикирине кошумчалоо менен интерактивдүү метод аркылуу сабактагы поэзияны окутууда эки акындын чыгармаларын же эки каармандардын образдарын салыштырса натыйжасы жакшы болмок. Дссертацияны коргоого сунуштаймын.

**В.Мусаева:** Уркия Кочкорвнанын темасы аябай эле глобалдуу теманы алган экен, кыргыз поэзиясын болгондо да 5-класстан тартып 11-класска чейинки класстарды алган экен. Андан көрө 5-класстагы С.Жусуевдин "Алакан" темасын ачып берсе жакшы болмок. Авторефераттын 7-бетиндеги барак деп берилиптир, аны бет деп берсе жакшы болмок. Таблицанын аталышы таблицанын үстүнө, ал эми схема, сүрөт асты жагына жазылат. Берилген поэзия кайсы программада, кайсы китепте, кайсы класста берилгенин тактасаң болмок. Жумуштун ар бир параграфта тең салмактуулук сакталса деймин. Албетте, коргоо сунуштаймын.

**М.Сыдыгалиева:** Уркия жарык көргөн эмгектеринде Ч.Айтматовдун чыгармасын окутуу, тогуз коргоол боюнча жазылган эмгектерди алып салуу керек. Мен коргоого сунуштайм.

**К.Акматов:** Мен буга чейин сунуштарды айткамын теманы "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзисын окутуунун методикалык системасы" эмес окутуунун методикасы деп эле алса болмок, методикалык система ачылбай калган. Авторефератты кайрадан карап чыгуу керек. Изилдөөнүн милдети төрт деп берилгени менен жыйынтыгында үч милдет жөнүндө сөз болуп жатат. Практикалык сунуштар, жалпы сунуштар ошонун негизинде чыгыш керек. Албетте, колдойбуз, коргоого сунуштайбыз.

**А.Мукамбетова:** XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясы чындыгында эки доор тогошкон мезгилдеги жаралган чыгармалар болуп саналат. Улуттук сезимди камтыган чыгармалардан Батыштын

поэзиясын бөлүп көрсөтсө жакшы болмок деп ойлойм. Анан окуучуларга берген суроолор боюнча “Кесиринсанды ким жазган эмес?” окуучуларды ойго түткөн суроо “Кесиринсан деп аталышынын себеби эмнеде?” –деген сыяктуу суроо берсе жакшы болмок. Колдонгон адабияттарда бир гана Уркияга тиешелүү эмес башка диссертантарга да айтарым, пайдаланбаган адабияттарды тизмеге кошбосо дегим келет. Бул жумушту мен эксперимент катары карап чыктым, жакшы жактары да көп. Мен коргоого сунуштайм.

**М.Манликова:** Урматтуу кесиптештер, диссертант өзү ишин коргойт, ал эми диссертантты да кимдир бирөө коргош керек. Диссертанттын жетекчисинде сөз жок, жакшы теманы тандап берген. Диссертанттын сүйлөгөн сөзүнөн, өзүнө ишенгендигинин далили деп ойлойм.

Методикалык система - бул эмне? Бул – методика, чыгарманы тандоо, окутуунун методикасы, үйрөтүүнүн методикасы, сабактын системасы. Негизинен берилген чыгарманы окутууда, ар бир сабактын методикалык системасын түзүү керек. Эмнени үйрөтүү керек, кантип окутуу керек окуучуларды деген суроонун айланасында иш алып барылат. Поэзия окуучулардын назик сезимдерин ойготуп тарбиялык мааниси терең. Мен Уркия Кочкоровнаны бирге иштешип жакшы билем, аябай аракетчил, кумускадай акырын олтуруп иштей берет. Мен коргоого сунуштайм, силерден да суранам колдоп бергиле.

**С.Батаканова:** Ырахмат. Анда сөз эксперттик топтун мүчөсү С.Рысбаевге берилет.

**С.Рысбаев:** Урматтуу кесиптештер бүгүнкү талкууланып жаткан диссертациялык иш жөнүндө жакшы ойлор айтылды. Мен иштин жыйынтыгында, иштин маанилүүлүгү, актуалдуулугуна басым койдум. Бир канча пикирлерди айттым. Диссертант менен жолугуп көрсөтмө бердим, толуктоолорду киргизди, дагы да толуктоолорду киргизет деп ойлойм.

Бул жерде методикалык система жөнүндө сөз болуп жатат, мен ошол боюнча бир аз сөз айтайын. Методикалык система – бул чыгармадагы бир идеяны камтыган, максатынан тартып натыйжага чейинки бүтүндөй жумуштун алгоритми. Бул диссертант 70-90-жылдардагы көрүнүктүү акындардын поэзиясындагы өзгөчөлүктөрдү, ошол поэзияга окуучулардын кызыгууларын изилдеген. Бул жерде илинип турган сүрөттө мектеп программасында берилген акындардын чыгармачылык өзгөчөлүгүн жети топко бөлүп изилдеген. Бул жерде кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык моделинин кереги жок болчу. Изилденүүчү мектеп окуучуларга кайсы крийтерилердин негизинде поэзияга кызыктырганын берген. Жалпысынан караганда жумуш жакшы жазылган.

Жыйынтыктап айтканда, биз Уркия Тажибаеванын ишин коргоого сунуштайбыз.

**Биринчи расмий оппонент** – Кыргыз билим берүү академиясынын башкы адиси, педагогика илимдеринин доктору, профессор Рысбаев С.К;

**Экинчи расмий оппонент** –Кыргыз экономика университетинин кыргыз-орус тилдер кафедрасынын доценти, педагогика илимдеринин кандидаты Шералиева А.

**Жетектөөчү мекеме** –Жалал-Абад мамлекеттик университетинин Башталгыч билим берүүнүн теориясы жана методикасы, педагогика жана психология кафедралары.

Төрайым аталган 2 оппонентке жана жетектөөчү мекемеге макул болушса, кол көтөрүп коюусун суранды.

Баары макул.

Каршы жок.

Калыс жок.

Изденүүчү **13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган Тажибаева Уркия Кочкоровнанын **"XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы"** аттуу темадагы кандидаттык диссертациясы коргоого сунушталсын.

Бардыгы – 16.

Макул – 16.

Каршы – 0.

Калыс – 0

Жогорудагы изденүүчүнүн баяндамасын, суроо-жоопторун жана талкууда айтылгандарды угуп, эксперттик комиссиянын бүтүмүн жана добуш берүүнүн жыйынтыгын эске алып, И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин, Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин жана Кыргыз билим берүү академиясынын алдындагы педагогика илимдеринин кандидаты (доктору) психология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн уюштурулган Д 13.20.623 диссертациялык кеңештин отуруму

## ТОКТОМ КЫЛАТ:

1. Изденүүчү 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы" деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши алдын ала коргоодон өттү деп эсептелсин жана бүтүмү бекитилсин.

2. Изденүүчү 13.00.02. - окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча **Тажибаева Уркия Кочкоровнанын "XX кылымдын 70-90-жылдарындагы кыргыз поэзиясын окутуунун методикалык системасы деген темада 13.00.02. – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты)** адистигине ылайык педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациялык иши Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясынын

кандидаттык диссертацияларга койгон талаптарына жооп берет деп эсептелсин жана коргоого сунушталсын.

**Жыйындын төрайымы,**
**п.и.д., профессор** **С. Т. Батаканова**

**Жыйындын катчысы,**
**п.и.к., доцент** **Д. К. Омурбаева**

КАДРЛАР БӨЛҮМҮ
ОТДЕЛ КАДРОВ

И. АРАБАЕВ атындагы КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ
КЫРГЫЗСКИЙ ГОСУДАРСТВЕННЫЙ УНИВЕРСИТЕТ им И. АРАБАЕВА
КОЛ ТАМГАСЫН ТАСТЫКТАЙМЫН
ПОДПИСЬ ЗАВЕРЯЮ